КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА, ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ ЖАНА МЕЛИОРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА, ПИЩЕВОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ И МЕЛИОРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

07.09.2018 № 307 Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги Өсүмдүктөрдүн карантини департаменти тарабынан көргөзүлүүчү акы төлөө кызматынын тарифтеринин прейскурантын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республиканын Өкмөтүнүн «Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө» 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтомуна ылайык, Кыргыз Респуликасынын Өкмөтүнүн токтомунун «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-майындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө» № 254 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-ноябрындагы № 576 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин Өсүмдүктөрдүн карантини департаменти жөнүндөгү жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 «Акы төлөнүүчү кызматтардын (жумуштардын) тарифтерин (бааларын) түзүү методикасы жөнүндө» Жобосуна, жана Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги Өсүмдүктөрдүн карантини департаменти тарабынан көргөзүлүүчү акы төлөө кызматынын тарифтеринин прейскурантын макулдашуу туралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 5-сентябрындагы № 38 буйругуна ылайк, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин Өсүмдүктөрдүн карантини департаменти тарабынан көргөзүлүүчү акы төлөө кызматынын тарифтеринин прейскуранты тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Э. Чодуевке жүктөлсүн.

**Министр** **Н. Мурашев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО АНТИМОНОПОЛЬНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

5 сентябрь 2018 ж. № 38

Бишкек шаары
гор. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министлигининин Өсүмдүктөрдүн карантин департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин прейскурантын макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013 - жылдын 17 - майындагы №271 токтому менен бекитилген Кыргыз республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндөгү" токтомунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо" тартибине ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министлигининин Өсүмдүктөрдүн карантин департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин прейскуранты (мындан ары – Прейскурант) берилген материалдардын негизинде, тиркемеге ылайык макулдашылсын.

2 Берилген маалыматтардын толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министлигининин Өсүмдүктөрдүн карантин департаментинин жетекчилигине жүктөлсүн.

00000521

3. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министлигининин Өсүмдүктордүн карантин департаменти:

- Прейскурантты белгиленген тартипте бекитсин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигине берсин.

- мамлекеттик жана расмий тилдердеги Прейскурантты керектөөчүлөр үчүн көрүнүктүү жерге жайгаштырсын.

4. Прейскурант бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Жөнгө салынуучу чөйрөлөр башкармалыгы:

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги биринчи нускасын адамдык ресурстарды башкаруу жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнө сактоого өткөрүп берсин;

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги экинчи нускасын Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министлигининин Өсүмдүктөрдүн карантин департаментине жиберсин;

- бекитилген Прейскурантты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары Тайлаков К.Д. жүктөлсүн.

**Директор** **Ш.М. Сабиров**

«Бекитемин»
Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги

__________
« 5 » октябрь 2018 г
буйрук №38

«Бекитемин»
Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги

__________
« [illegible] » [illegible] 2018г
буйрук №307

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин Өсүмдүктөрдүн карантини департаменти жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнмө кызматтарга баалардын прейскуранты**

| № п/п | Кызматтардын түрлөрү | Өлчөө бирдиги ($м^3$) | наркы (сом) |
|---|---|---|---|
| | | | |
| 1 | **Жеке жана юридикалык жактардын арыздары боюнча карантинге алынуучу продукцияны, транспорт каражаттарын зыянсыздоо, кампа жайларды өсүмдүктөрдүн карантинин камсыздоо ченемдерине жана эрежелерине ылайык профилактикалык фитосанитардык зыянсыздоо жана зыянсыздалганын ырастоочу документти берүү** | | |
| а) | Фумкамералар, чатырлар жана контейнерлер | 1 куб. метр | 74 |
| б) | Фосфин таблеткалары менен зыянсыздандыруу | 1 куб. метр | 42 |
| в) | Генераторлорду пайдалануу менен аэрозолдук ыкмалары менен зыянсыздандыруу | 1 куб. метр | 7 |
| **2** | Экспорттоо максатында карантинге алынган продукциянын карантиндик фитосанитардык абалын аныктоо, анын ичинде бардык фитосанитардык анализдердин жана экспертизалардын бардык түрлөрү менен аныктоо, карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык абалы жөнүндө корутунду фитосанитардык документтерди берүү | | |
| а) | Экспертизалардын бардык түрлөрү менен аныктоо, карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык абалы жөнүндө корутунду фитосанитардык документтерди берүү. | Карантинге алынуучу продукциялардын 5 кг чейинки (үрөн отургузулуучу материалдар жана картөшкөдөн сырткары)<br><br>- карантинге алынуучу продукциялардын 500 кг чейинке салмактагы партиясы | бекер<br><br>100 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - карантинге алынуучу продукциялардын 500 кг дан жогору салмактагы партиясы | 200 |
| б) | Экспорттоо максатында карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык абалын аныктоо, анын ичинде бардык фитосанитардык анализдердин жана экспертизалардын бардык түрлөрү менен аныктоо, карантинге алынуучу продукциянын карантиндик фитосанитардык карантин абалы жөнүндө корутунду/фитосанитардык документтерди берүү | 1 экспертиза<br>- карантинге алынуучу продукциялардын 500 кг чейинки салмактагы партиясы<br>- карантинге алынуучу продукциялардын 500 кг дан жогору салмактагы партиясы | 200<br>492 |
| **3** | **Айыл чарба жерлерин текшерүүдөн өткөрүү, көчөттөрдү, ишканаларды жана ага жанаша жайгашкан продукцияларды өсүмдүктөргө байланышкан аймактардан, үлгүлөрдү алуу жана лабораториялык экпертизаларды жүргүзүү, жеке жана юридикалык жактардын табыштамалары менен (энтомологиялык экпертиза, герболгиялык экспертиза, фитопатологиялык экспертиза) пландуу изилдөө иштерин жүргүзүү.** | | |
| а) | Карантинге алынган өндүрүмдөрдү фитосанитардык экспертизанын күбөлүгүн берүү менен бирге лабораториялык (энтомологиялык, герболгиялык жана фитопатологиялык) экспертизадан өткөзүү | 1 экспертиза | 492 |

Эскертүү:

1. Акы төлөнүүчү кызматтардын баасына кирбейт:
   -пестициддердин жана тузактардын баасы;
   -үлгүлөрдү лабораторияга чейин жеткирүү чыгымдары;
   -Карантиндик объектилерди дарылоодо иш сапарга кеткен чыгымдары.

**Директор** **Исаев А.С.**